C - айыл чарбалык эмес багыттагы жерди пайдалануу үчүн жер салыгынын базалык ставкасы;

S - ижарага алуучу пайдаланып жаткан жер участогунун аянты. Төмөнкүдөй формула боюнча эсептелинет: жер участогунун аянты имараттын жалпы аянтына бөлүнөт жана ижарага берилүүчү аянтка көбөйтүлөт;

Ки - инфляция коэффициенти;

К1 - экономикалык-пландаштыруу зоналарынын коэффициенти;

К2 - коммерциялык пайдалануу коэффициенти.

Айыл чарбалык эмес багыттагы жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгынын базалык ставкасы жана жер салыгын дифференциялоо үчүн коэффициенттер мыйзамда белгиленгенге ылайык кабыл алынат.

Ижара акысынын чоңдугуна имаратты эксплуатациялоо жана имараттарды жана жайларды утурумдук ремонттоо боюнча чыгымдар, жылытууга, коммуналдык кызматтарга жана башка кызматтарга чыгымдар кирбейт.

Тараптардын ортосунда ижара акысынын өлчөмү жөнүндө жазуу жүзүндөгү макулдашылган эсептөө жок болсо, ижара келишими түзүлбөгөн болуп эсептелет.

2. Ижара келишимин түзүү укугуна аукцион башталган, мамлекеттик мүлктү пайдалануу үчүн ар айлык ижара акысынын баштапкы өлчөмү (ижаранын старттык өлчөмү) жана конкурсту өткөрүүдө жарыялануучу, мамлекеттик мүлктү пайдалануу үчүн ар айлык ижара акысынын өлчөмү (ижаранын минималдык өлчөмү) төмөнкүдөй формула боюнча эсептелет:

СА = Баз.ст. х S х К1 х К2 х К3,

мында:

СА - бир айлык ижара акысынын старттык чоңдугу;

Баз.ст. - имараттын (жайдын) 1 кв.м үчүн бир айлык ижара акысынын базалык ставкасы;

S - ижарага берилчү имараттын (жайдын) аянты;

К1 - имараттын жайгашкан жеринин коэффициенти;

К2 - имараттын техникалык абалынын коэффициенти;

К3 - жайдын техникалык жабдылышынын коэффициенти.

Эсептөөдө колдонулуучу ставкалардын өлчөмү жана коэффициенттердин чоңдугу:

а) Баз.ст. - региондор (облустар) үчүн 80 сом/кв.м.

б) К1, К2 жана К3 мааниси ушул Нускаманын 1-пунктуна ылайык аныкталат.

в) Муниципалдык мүлктү ижарага аукцион жана конкурс өткөрүү жолу менен берген учурда, Аж - жер участогун пайдалануу үчүн акы тооруктардын жыйынтыгында аныкталган бир айлык ижара акынын көлөмүнө кошулат.

Аж - ушул Нускаманын 1-пунктуна ылайык аныкталат.